Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу институтунун профессору, тарых илимдеринин доктору Каратаев Олжобай Кубатбековичти тарых илимдеринин доктору илимий даражасынын изденүүчүсү Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)" аттуу диссертациясынын кол жазмасына расмий оппонент катары берген

# ПИКИРИ

1. Диссертациялык иш кыргызтаануудагы, кыргыз этнография илиминдеги актуалдуу темага арналганы талашсыз. Диссертациялык иштин кол жазмасында кыргыздардын эзелки маданий мурастарынын бири болгон салттуу килем токуу кол өнөрчүлүк маданияты изилденген. Аталган колдонмо искусство этностун чарбасы, маданияты, социалдык байланыштарынан, алардын материалдык жана руханий баалуулуктарынан маалымат берген баалуу тарыхый-этнографиялык булак болору терең мааниге ээ. Кыргыздардын салттуу килем токуу (согуу) кол өнөрчүлүгү, жүндү иштетүүдөгү, салттуу килем токуу процессиндеги кылымдап топтолгон элдик билими, тажрыйбасы, кыргыздардын социалдык-маданий байланыштары, алардын килем бетине түшүрүлгөн көчөттөрүндө чагылдырылган дүйнө таанымы, кыргыздын эстетикалык-көркөм табити, баалуулуктары, кыргыз үй-бүлөсүнүн салттуу турмуш-тиричилигиндеги килем буюмдарынын ээлеген орду, мааниси, токулган салттуу килемдердин функционалдык өзгөчөлүктөрү, килем токуу процессиндеги кыргыз салттары алигиче кыргыз этнология илиминде тилекке каршы, максаттуу изилдөөлөргө алына элек.

Учурдагы ааламдашуу Борбордук Азия, анын ичинде Кыргызстандын аймагында салттуу кол өнөрчүлүккө өз таасирин тийгизди. Анын терс таасири өзгөчө XX к. экинчи жарымында сезиле баштаган, так белгиленгенде табигый ресурстардын негизинде өнүгүп келген кол өнөрчүлүктүн базасы тарып, анын нукура элге таандык салттары өтмүшкө кете баштаган процесстер калыптангандыгын белгилөө зарыл. Ошол эле учурда ар бир этнос өзүнчөлүгүн сактап калууга аракет жасаган тенденция да пайда болду. Учурда өлкөбүздө салттуу маданиятты сактоо жана жандандыруу маселелери мамлекеттик деңгээлде көтөрүлүп жаткандыгы ырас. Кыргыздардын жекече чыгармачылыкты элдик салттар менен терең айкалыштырган үй шартындагы өндүрүш процесси өз ара жардамдашуу, бири-экинчисин колдоо, меймандостук ж.б.у.с. байыртадан келе жаткан нукура элдик асыл сапаттар менен коштолгон жана аларды бекемдеген. Килемди даярдоо процессинин жүрүшү мындан четте калган эмес. Жогоруда айтылгандардан сырткары, өз ишине терең берилгендик, эмгекчилдик, коохдукка умтулуу сыяктуу нарктуу сапаттар турат. Килем токууга даярдык көрүү жана анын жүрүшү көөнөрбөс элдик салттарды, чеберчиликти кийинки муундарга өткөрүп берүүнүн да



ОК: Бибулманова А.Ф.

ДС 07.23.674
Вх. № 2024/7 от 10.06.24
Уч. секр.

мектеби болуп саналары бышык. Бул процесс элдик педагогиканын мыкты ыкмалары менен ишке ашырылган.

Ошондуктан, кыргыздардын этностук өзгөчөлүгүн, элдин материалдык жана руханий маданиятынын тарыхын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүнүн призмасы аркылуу изилдөө менен улуттук салттарынын сакталуусуна, кайра жандануусуна, азыркы жана кийинки муундардын элибиздин нарктуу дөөлөттөрүн аңдап билүүсүнө жана аларды туу тутуусуна, улуттук баалуулуктар менен сыймыктануусуна, алардан нарктуу адеп-ахлак башаттарын табуусуна жетишүүгө болот.

## 2. Диссертациясында каралган илимий натыйжалуулунун даражасы

Изденүүчү Ч.Т.Сатыбалдиеванын диссертиялык ишин Кыргызстандын аймагындагы килем токуу кол өнөрү азыркы күнгө дейре сакталып жана улантылып келген аймактарда жүргүзүлгөн этнологиялык дурус денгээлднги изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы катары каралат.

Кыргыздардын XIX к. аягы – XX к. башындагы салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү аркылуу кыргыздардын материалдык жана руханий маданиятынын үлгүлөрүн, кыргыздардын тектеш жана башка элдер менен этногенетикалык, этномаданий байланыштарын аныктайт. Натыйжада, салттуу килем жасоо маданиятынын тарыхын изилдөө менен кошумча маалыматтар алынды.

Диссертациялык иш жалпысынан логикалык жактан туура түзүлүп, жазма булактарга, монографиялык иликтөөлөргө, этнографиялык маалыматтарга негизделген.

Диссертант Совет дооруна чейинки тарыхый-этнографиялык булактарды, советтик жана постсоветтик мезгилдерге таандык болгон маалыматтар жетиштүү деңгээлде каралган.

Маселенин тарыхнаамасына кайрыла турган болсок, XIX к. аягы – XX к. баш чендериндеги илимий ж.б. эмгектер каралып, материалдарга жеткиликтүү сыпаттоолор берилген. Мындан сырткары, заманбап изилдөөчүлөрдүн маалыматтары диссертациялык эмгекте эске алынган. Диссертациялык иште этнографиялык талаа материалдарынын болушу илимий иштин денгээлин көтөргөндүгу байкалат.

Усулдук өңүттөн көз салганда диссертациялык иште тарыхыйлуулук принциптери сакталган.

Кыргызстандагы этнология илиминде абалкы ирет кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү изилдөөнүн объектиси катары каралган.

**Жыйынтык:**

**1.** Автор **изилденип** жаткан диссертациялык иштин актуалдуулугун туура негиздейт. Изилдөөнүн максаттары жана милдеттери так коюлган. Кыргыздардын XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы салттуу килем токуучулук өнөрүн изилдеген жана анализ берген.
(Киришүү бөлүгү).

**Жыйынтык 2.** Кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү экспедиция учурунда алынган талаа материалдары менен, Кыргызстандын музей фонддорунан килем жана килем буюмдары жана аларга байланыштуу болгон экспонаттардын, элдик чыгармалардын жана тарыхый-этнографиялык адабияттардагы маалыматтардын негизинде комплекстүү изилдөө жүргүзгөндүгү менен өзгөчөлөнөт (1.1-2.2 бөлүмдөр).

**Жыйынтык 3.** Кыргыздар даярдаган салттуу килем жана килем буюмдарынын пайда болуу тарыхы изилденип, анын жергиликтүү кол өнөрчүлүк экендиги далилденди. Кыргыздар өзүнө таандык өзгөчөлөнгөн, башка этностордон айрымаланган салттуу килемди токушкандыгы жана турмуш тиричилигинде пайдаланган чөйрөсүн аныкталган (2.3.-4.4 бөлүмдөр).

**Жыйынтык 4.** Кыргыздардын материалдык маданиятындагы өзгөчө кенен пайдаланылган анын ичинде салттуу килемдерди даярдоодо негизги чийки зат катары койдун, эчкинин, төөнүн жүндөрүнүн даярдоо, жип жасап ийрүү, алардын килемге ылайыктоо өзгөчөлүктөрү тыкыр изилдгенгени белгилүү болду (3.1.бөлүм).

**Жыйынтык 5.** Саалттуу килем жана килем буюмдарынын согуп даярдоо учурунда колдонулган токуу куралдарын даярдоонун жана чеберчилигинин процесси каралды. Килем токуу менен бирге эле ушул күнгө чейин изилденбей келген салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүндө колдонулган эмгек куралдары жасалуучу жыгачтын түрлөрү жана алардан даярдалган эмгек куралдарын изилдөө жүргүзүлдү ( 3.4-3.5 бөлүмдөр).

**Жыйынтык 6.** Кылымдар бою атадан-балага, муундан-муунга өтүп келген салттуу килем жана килем буюмдарын токуу үчүн керектелүүчү килем токулуучу дүкөндү килем токууга даярдоо жана куруу процесси изилденди. Мындан сырткары, алгачкы жолу килем үчүн даярдалган жиптерди бойоо үчүн табигый өсүмдүктөрдөн бойоктордун жардамы менен килем үчун зарыл болгон түктөрдү бойоо ыкмалары көрсөтүлгөн (3.2-3.3 бөлүмдөрү).

**Жыйынтык 7.** Кыргыздарда салттуу килем токуу өнөрү түздөн-түз мал чарбачылылыгы жана дыйкан чарбасына көз каранды экендиги белгиленди (4.1- бөлүм).

**Жыйынтык 8.** Салттуу килемдерге түшүрүлгөн көчөттөрдүн семантикалык мааниси, алардын функционалдык багыттары, токуу жүрүмүндөгү кубулуштардагы кошуна жашаган элдери менен болгон этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштары бар экендиги көрсөтүлгөн ( 4.2- бөлүмдөрү).

**Жыйынтык 9.** Кыргыздардын килем токуу өнөрүн изилдөө процессинде алардын байыркы архаикалык орнаменталдык белгилери аныкталып, салттуу килемдин орнаменттеринин семантикалык жана семиотикалык маңыздары алгачкы жолу изилденди (4.3-4.4-бөлүмдөрү).

**Жыйынтык 10.** Салттуу килем токуу процессиндеги пайда болгон, калыптанган жана ушул күнгө чейин келип жеткен айрым каада-салттар жана ырым-жырымдар изилденген (5.1-бөлүмү).
**Жыйынтык 11.** Кыргыз үй-бүлөсүнө салттуу килем токуучулуктун ролу айрыкча кыздарды килем токуучулук аркылуу эмгекке тарбиялоонун жана үйрөтүүнүн, эрезеге жеткирүүнүн элдик өзгөчөлүктөрү аныкталганы менен баалуу (5.1.-бөлүмү).
**Жыйынтык 12.** Кыргыздардын кошуна башка элдерден өзгөчөлөнгөн жарым-көчмөн жашоодогу килем жана килем буюмдарынын түрлөрүнүн тажрыйбалык мааниси, колдонулган чөйрөсү көрсөтүлгөн (5.2-бөлүмү).

## 3. Диссертациядагы келтирилген корутундулардын жана сунуштардын ишенимдүүлүгү

Диссертациянын ээси жарык көргөн макалалары аркылуу, илимий багытынын тууралыгын Кыргызстандын, Өзбекстандын жана Россиянын илимий басылмаларында эмгектеринин жарыяландыгы менен тастыктайт. Доктордук диссертациянын материалдарынын негизги жыйынтыктары эл аралык Симпозиумдарда, конгресстерде, республикалык денгээлдеги конференцияларда окулган докладдары, сунуш эткен эмгектери диссертациялык иште көрсөтүлгөн илимий басылмаларда, жыйнактарда жарыяланган жана илимий коз караштары, тыянактары чагылдырылган. Колдонулган илимий адабияттардын жана булактардын тизмеси илимий иштин жалпы мазмунуна шайкеш келет. Илимий иштин практикалык мааниси биринчи кезекте тарых, этнография, колдонмо маданияттын тарыхы боюнча фундаменталдуу эмгектерди жазууда пайдаланыла турган далилдүү материалдарды берери менен аныкталат. Маданият жаатындагы изилдөөчүлөрдүн, археологдордун, этнографтардын жана тарыхчылардын изилдөө ишине маанилүү көмөк бере алары шексиз.

## 4. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын негиздүүлүгү жана аныктыгы

**Натыйжа 1.** Автор XIX к. аягы жана XX к. баш чендериндеги салттуу кыргыз килем токуу кол өнөрчүлүгүн өз алдынча материалдык маданияттын бир бөлүгү, бир катмары катары калыптанышын изилдөө менен бирге, килем токуу өнөрүнүн калыптанышы жана өнүгүшү боюнча адис-окумуштуулардын тарыхнаамалык иликтөөлөрүн үч мезгилдик алкакта бөлүнүп каралган (1.1-1.2-1.3-бөлүмдөр).

**Натыйжа 2.** Автор кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүн изилдөөдө күткөн жыйынтыктарга жетүү үчүн иштин илимий-теориялык жана методологиялык негиздери белгиленип аныкталган (2.1-бөлүм).

**Натыйжа 3.** Автор килем жана килем буюмдарынын негизин жүн түзгөндүктөн, эң биринчи ирээтте жүндү даярдоо процессине көңүл бурган.

Килем токууга дээрлик койдун жазгы даакы жүнүн колдонушкан, ал эми башка жүндөн жасалган буюмдарды күзгү жүндөрдөн жасай беришкен. Жүндү кыркуу мезгилине да маани беришкен, койдун жүнү өрлөп туташкан бойдон кыркылышына көзөмөл салынган. Кыркылган жүндү тытып, сабап, андан кийин ийиктин жардамы менен колдо ийрип жипке айландырып даярдап алышкан. Кыргыздардын килем токуу үчүн жүн каражатынан жиптин түрлөрү жана жип даярдоонун салттуу ыкмалары аныкталды (3.1-3.2 - бөлүм).

**Натыйжа 4.** Автор тарабынан XIX к. аягы – XX к. башында кыргыздардын килем токуу үчүн арналган жиптерди өсүмдүк боёктору менен боёо ыкмаларын колдоно баштаганы аныкталган. Мында жүндөн жасалган жиптин түрлөрүн табигый бойоктор менен сапаттуу бойоо ыкмаларын элдик илим-билимдердин жана жашоодогу тажрыйбанын натыйжасында так ишке ашырышкан. Табигый бойокторду өздөрүн курчап турган айлана-чөйрөдөгү жаратылыш берген жана колдо өскөн өсүмдүктөрдөн алышканын аныктаган (3.3.-бөлүм)

**Натыйжа 5.** Килем токуу куралдары болгон дүкөн, ийик, токмок, кайчы, бычак ж.б.у.с. куралдардын жасалуу ыкмалары, алардын жасоо каражаттары, куралдарды колдонуу ыкмалары аркылуу кыргыздардын колдонмо искусствосундагы эволюциясы каралган. Мындан сырткары, жогоруда аталган эмгек куралдарынын ар бирине байланышкан семиотикалык баа берүү жагы каралып, алардын турмуш тиричиликтеги салттуу маданият менен байланышы аныкталган (3.4.- бөлүм).

**Натыйжа 6.** Килем жана килем буюмдарын даярдоонун салттуу ыкмалары атадан-балага, муундан-муунга, энесинен-кыздарына жана келиндерине өтүп келген. Мында килем токууну кыздар жаштайынан эле өздөрүнөн улуу муундардан үйрөнө башташкан. Килемге даярдоого үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү тартылган. Кыргыздар килем токуу менен негизинен аптапта, жылдын жай мезгилдеринде алектенишкени белгиленген (3.5.-бөлүм).

**Натыйжа 7.** Автор түктүү килемден сырткары, кыргыздар араби килемин да даярдашканын белгилеп кеткен. Араби килемин токуу түктүү килемге караганда алда канча жеңил болгон. Араби килемин Чоң-Алай, Лейлек, Баткен, Ноокат өрөөндөрүндө ушул күнгө дейре согуп келишет. Бул килемди кыргыздар кошуна жашаган башка элдер менен карым-катнаштын негизинде үйрөнүшкөн. Килем токуу процесси ар кандай салт-санаа жана үрп-адат жана жөрөлгөлөр менен коштолгон (4.1.- бөлүм).

**Натыйжа 8.** Изденүүчү тарабынан кыргыздар көчмөн жана жарым көчмөн жашоосунда салттуу килем токуу өнөрү менен алектенип, турмуш-тиричиликтеги кээ бир орчундуу деп эсептелген маселелерди чечкенин да белгилеп кеткен. Изилдөөлөр көрсөтүп тургандай, кыргыздардын жүндөн жасалган салттуу же турмуш-тиричилик буюмдары көчмөн маданияттын зарылчылыгынан келип чыккан. Жалпы эле климаттык шартка жараша калыптанган мал чарбасынын ичинен кой чарбасынан алынган чийки каражатар килем үчүн сырьёлук база болуп саналат. Кыйла татаал климаттык

шартка жараша үйдү жылуу абалд кармоо зарылдыгы келип чыккан. Аялдар жана кыз-келиндер үй жумуштарынан башка учурунда токуучулук менен алектене алышканын баса белгилеген (4.1-4.2- бөлүм).

**Натыйжа 9.** Автор тарабынан кыргыздардын килемдеринде жаратылыштан алынган жана чарбага жараша көчөттөрдүн салынышы каралган. Айрыкча кочкор мүйүз, кочкорок көчөттөрү килемдин дээрлик бардык түрлөрүндө кездешет. Кыргыздарда асман кубулуштарын чагылдырган айчык, тегерек, тогуз дөбө көчөттөрү кеңири таркалган. Андан тышкары Умай эне көчөтү дээрлик ар бир килемге берилүүчү орнаменттин бир түрү. Бул көчөт сакралдык мааниге ээ болгон кыздын себине берилүүчү килем буюмдарынын дээрлик баарында кездешкен.Кыргыздардын килем жана килем буюмдарына эн тамгаларын да түшүрүшкөн. Мында элдердин диний жана ыйык идеялары, алардын көркөм көз караштары чагылдырылган(4.3- бөлүм) .

**Натыйжа 10.** Кыргыздардын килемге жана килем буюдарына түшүрүлгөн орнаменттеринин мааниси анын символикалык, семиотикалык жана семантикалык функцияларына негизделет. Мындан сырткары, килем көчөттөрүнүн коргоочулук да, сакралдык да мүнөзгө ээ болгондугун байкоого болот. Изилдөөчүлөр орнаменттердин искусстводогу табияты, ролу жана мааниси жөнүндө ар кандай көз караштарды билдиришкен. Кыргыз элинин килем токуу процесси мал чарбасынан түздөн-түз көз каранды экенине карабастан, көчмөн турмушта килем токуу өтө татаал, иш жүзүндө мүмкүн эместиги практика жүзүндө көрүндү. Демек, килем токууну (согууну) өздөштүрүү үчүн жарым отурукташкан чарба ыңгайлуу болгон (4.4.- бөлүм).

**Натыйжа 11.** Автор тарабынан килем согулуп бүткөнгө чейин белгилүү салт-санаалар, үрп-адаттар менен коштолгону каралган. Иштин башы ишемби деп, килемди аптанын белгилүү күндөрү гана башташкан. Алгач килем токула турган үйдө курулган дүкөндү ысырыктап (аластап), жыт чыгарып, улуу жаштагы байбичелер бата берип андан кийин токуучу чебер кыздар килемдин эришин жүгүртүшкөн. Килем токуу жүрүмүндө “учук таштамай”, “килем жоктомой”, ”табак узатуу” сыяктуу жөрөлгөлөрдү аткарышкан. Бул жөрөлгөлөр кыргыздардын социалдашуусу жана бири-бирине жардамдашуу, колдоо көрсөтүү максатында аткарылган (5.1.- бөлүм).

**Натыйжа 12.** Диссертант килем буюмдары болгон төшөнчү, отургучтар мүлк катары бир эле мезгилде бир нече функцияны аткарганын белгилеген. Мындан сырткары, килем токуу техникасын колдонуп жасалган буюмдары-боз үйдүн эмеректери, эшик тыш, тегирич, чавадан, торбо, баштык, аяк кап, куржундун түрлөрү, кайчы кап, туз баштык, туткуч-кармагычтар,көрпөчө, ат жабдыктары ж.б.у.с. (5.1.- бөлүм).

## 5. Алынган натыйжалардын ички биримдигин баалоо

Доктордук диссертациянын структурасы илимий-логикалык жактан аныкталып, берилген теманын ырааттуулугу жана анын алдына коюлган милдеттер так коюлган. Ички биримдик, бүтүндүк жана баяндоо ырааттуулугу

жоболорго, корутундуларга түздөн-түз байланыштуу жана бул изилдөөнүн натыйжалары так көрсөтүлөт. Эмгекте бир катар жаңы илимий натыйжалары, ал эми иштеп маселеге автордун жеке салымы берилгени диссертациянын текстинде жетишерлик айкын көрүнүп турат.

**6. Негизги басылмалардын жетиштүү толуктугун ырастоо жоболору, натыйжалары жана диссертациянын корутундусу**

Диссертациянын натыйжалары жана корутундулары 26 илимий публикациялар менен тастыкталат, анын ичинде Web of Science системасына кирген жана рецензияланган илимий журналдарда жарыяланган илимий макалалар тастыктайт.

**7. Автореферattтын мазмуну диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши**

Авторефераттын мазмуну жана структурасы диссертациянын струкурасына, жоболоруна жана корутундуларына дал келет. Авторефератта диссертациялык иштин кыскача мазмуну так берилген. Орус, кыргыз жана англис тилдеринде түзүлгөн резюмеси мазмуну боюнча шайкеш. Автореферат Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарын эске алуу менен даярдалган жана форматталган.

**8. Кемчиликтер жана сунуштар**

- килем согуунун ареалдык өзгөчөлүктөрү бар. “Кажары килем”, “араби килем” ж.б. Терминдерге аныктама берилүүсү зарыл эле. Килемдин кайсыл түрлөрү перстерге (арабдарга), кайсынысы – жарым көчмөн кажарларга таандык болгондугу ачылып берилиши керек болучу;

- Килем жана килем буюмдарын кооздоо үчүн жиптерди табияттан алынган өсүмдүктөрдү колдонулганы жөнүндө диссертацияда кеңири каралган. Бирок ар бир бойоктун алынышы жана алардын бойоо технологиясы терендетилип изилденсе максатка ылайык болмок;

- Кыргыздардын салттуу килем жана килем буюмдарына мыкты мүнөздөмө берилген, бирок ошол эле учурда “араби” килеминин да токуу ыкмаларына, пайдалануу чөйрөсүнө толугураак мүнөздөмө берилсе диссертациялык иш дагы да күчүнө кирмек. Ошону менен бирге эле кыргыздардын “араби” деп аталган килемин жергиликтүү эл “какма килем” деп аташаары белгилүү, ошол аталыш текстке киргизилсе болмок;

- Килем токуу кол өнөрчүлүгүндө кыргыздарга гана тиешелүү болгон колдонмо искусствосу катары далилдерди келтирген, бирок мына ушул илимий гипотезаны бекемдөөчү фактыларды тактап жана тизмектеп берсе болмок.

- килемге түшүрүлгөн көчөттөрдүн сакралдуулугун ачып бериүү зарыл эле. Болбосо, бул маселени өз алдынча параграф же бөлүм катары иштеп чыкса болмок. Сакралдуу элестердин баары тең негизинен "сактоочу" жана "колдоочу" функцияларына ээ болгондугун белгилөө керек эле;

- килемдердеги көчөттөр, формалары, аталыштары, ошондой эле килем буюмдарынын аталыштары кыргыздардын диний-философиялык түшүнүктөрүн, диний түшүнүктөрүнүн өнүгүү этаптарын же баскычтарын чагылдырган. Бул маселе диссертациялык иште өз алдынча параграфта же бөлүмдө каралуусу зарыл болучу;

- килемдеги бойоктор бир гана кооздукту же эстетикалык табитти аныктаган эмес, бойоктор же түстөр сакралдуу маанилерди туюнткан. Ошондуктан, бул маселени да өз алдынча параграфта каралганы талапка ылайык деп ойлойбуз;

- информаторлордун паспортунда аты-жөнү, туулган жылы, уруусу (уругу), жашаган айылы, жери көрсөтүлүшү зарыл;

- диссертациялык иштин параграфтарында кайталанган коз караштар, тыянактар кездешет, менин пикиримде аларды түзөтүү керек болот;

- иштеги грамматикалык, стилдик жана стилистикалык өксүктөрдү түзөтүп чыгуу керек.

Жогорудагы аталган сын-пикирлер диссертациялык иштин кадыр-баркына шек келтирбейт, теориялык жана практикалык жыйынтыктарына таасирин тийгизе албайт. Кээ бир айтылган сунуштар коргоодон кийин түзөтүлөрүнө ишенемин.

**9. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Улуттук Аттестациялык Комиссиясынын талаптарына шайкештиги**

Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX к. аягы. – XX к. башы) аталышындагы тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн, 07.00.07-этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча жазылган доктордук диссертациясы профессионалдык деңгээлде аткарылып, Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Кыргыз Улуттук комиссиясынын квалификациялык талаптарына жооп берет.

Диссертациялык изилдөөнүн бөлүмдөрүнүн жана параграфтарынын мазмуну логикалык жактан туура жана ырааттуу коюлган.

Диссертация заманбап концептуалдык ыкмалдардын негизинде аткарылган жана "Илимий даражаларды ыйгаруу эрежелеринин" талаптарына жооп берген толугу менен бүткөн илимий иш деп эсептеймин. Сунушталган иштин мазмуну паспортко толугу менен жооп берип, 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистигиге ылайык келет.

Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын диссертациясы заманбап илимий деңгээлге дал келет, ал эми автор 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору илимий даражасын ыйгарууга татыктуу.

Тарых илимдеринин доктору,
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз
Улуттук университетинин
Тарых жана чөлкөм таануу
институтунун профессору: Каратаев Олжобай Кубатбекович

10.06.2024.

Профессор О.К.Каратаевдин колун тастыктаймын: